Г.М. ЖУНУШОВА

# КЫРГЫЗ-КАЗАК АДАБИЙ БАЙЛАНЫШТАРЫ (1920–1930 жылдар)

*В данной теме мы пытались раскрыть культурную и литературную связь между братскими народами. Киргизы и казахи с древнейших времен жили соседями и поэтому культура, быт, мировоззрения, этнография этих народов зачастую идентичны. Упор делается на фольклорную и литературную связь этих народов.*

*Makalede kardeş halkların edebi ve kültürel ilişkileri söz konusu olur. Kırgız ve Kazak halkı eskiden kardaş ve komşu olduğu icin onların dünyagörüşü de bir olduğu savunulur.*

Кыргыз казак эли эзелтен достук мамиледе жашаган тили бир, дини бир боордош калктардан. Бардык тарыхый доорлордо эки эл канатташ жашап, кыз алышып кыз беришип, турмуш тиричилик жагынан, маданият жагынан дайыма тыгыз баланышта болуп клишкен.

Эки элдин тарыхына кайрыла кете турган болсок кыргыз дагы казак эли да байркы элердин катарына кирет. Кыргыз элинин түзүлүшүндө сак, усун, түргөш, карлук, кыпчак уруулары кирген, ал эми казак элинин этникалык составынын түзүлүшүндө усун,кыпчак, найман, керей сыяктуу уруулар кирген [1]. Демек, аталган уруулук этнонимдер эки элдин тең составына кирүү менен алардын жашоо тиричилигине, үрп-адатында, фольклрдук традицияларында типологиялык жана тарыхый-маданий окшоштуктарды жараткан. Белгилүү чыгыш таануучу, академик В.Бартольд «Кыргыздар Орто Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирет. Азыркы кезде Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кездешкен бир дагы эл болбосо керек» [2], – деп жазган. «Казак» деген этноним тарыхта 15 кылымда Мирза Муххамед Хайдар «Тарихи Рашидиде» дегн эмгегинде айтылат. Тарыхчы Муххамед Хайдардын маалыматы боюнча 15-кылымда өзбек ханы менен арыздашкан Жаныбек, Кирей аттуу султандар өз кошуну менен Жетисуу, Чүй суусунун жээгинде жайгашып калышат. Ошондн кийин өзбек ханы Абуль Хаирдин кысымына чыдабаган эл Жетисууга барышып казак мамлекетин негиздешет [3]. Ушул эле тарыхый булакта казак жана кыргыз элинин тарыхый жана маданий байланыштар жөнүндө белгиленет. 16–18 кылыдарда Чыгыш Туркестандагы болгон саясий окуяларга, мамлекетик иштерге бирге катышкан. Эки элдин жунгар-ойрот хандарынын баскынчылык жордулдарына каршы биригип, согуш ачып тургандыктары көрсөткөн маалымыттар да жок эмес [4]. Демек кыргыз-казак тарыхый тагдырлаш болуп бир максатташ жашап, чет элдик басып алуучуларга каршы бирге көтөрүлүп, ынтымакта жашаган. Ошондуктан чыгармачылык тыгыз байланыш да түзүлгөн. Башка түрк элдерине салыштырмалуу да кыргыз казак фольклору бири-бирине өтө жакын. 18–19 кылымда жашап өткөн кыргыз, казак акындарынын ысымдары эки элге бирдей белгилүү болгон. Аларды санат-термелери, нускалуу сөздөрү,

Камырза менен Сарбастын, Чөжө акын менен Жаныштын, Сүйүнбай менен Катагандын айтыштары алиге чейин эл арасында сакталган. Төкмө акындар дайыма чыгармачылык байланышта болушуп, аш тойлордо бири-бирин конокко чакырып, айтыш өткөзүшүп, элдин черин жазып келишкен. Акындар эки элдин маданиятынын өсүшүнө, достук мамилесинин бекемделишине чоң эмгек сиңиришкен. Казак, кыргыз фольклорунда учураган көптөгөн окшош жанрлар, аналогиялык көркөм фактылар да көп учурайт. Ошондой эл коомдук эки элдин коомдук түзүлүшүндө, жашоо-тиричилигенде, үрп-адат салттарында ошоштуктар өтө көп. Көчүп жүрүүгө ыңгайлуу боз үйлөрдө жашага, мал чарбачылыгы менен алектенишкен. Казактарда дагы, кыргыздарда дагы кыз алышууда, кыз беришүүдө кудалашуу салты бар, калың төлөө, кийит, сүт акысы, кыздын себи, өргөө көтөрүү сыяктуу жол жоболор бар. Өлк коюу ритуалы да окшош: маркумду жоктоп кошок кошу, кыркын, ашын өткөзүшөт. Аш-тойлордо ат чабыш, эр сайыш, кыз куумай сыяктуу ойундар менен коштолгон. Эки элдин мен деген акындары келип айытыш өткөзүшкөн.

Көгеди шешсе бир шешкен.  
Озен бойлоп бир көшкен,  
Келин-кызы сырласып,  
Биздин сүйүү бир дескен.  
Ас пен тойда жырласып  
Токтогул, Жамбыл бирге өскен, –

деп казак акындары бекеринен ырдашпаса керек.

Кыргыз элинин бай фольклору чыгыш адабиятына кызыккан окумуштууларды, саякатчыларды кызыктырып келген. Ч.Валиханов биринчи окумштуу, энциклопедист кыргыз эллинин маданиятын, адабиятын үйрөнүүгө чоң салым кошкон. Ал 1856 жылы орус экспедициясынын составында Кыргызстанга Ысык-Көлгө биринчи жолу келген. Кырыз элин меймандостугу жөнүндө Ч.Валиханов мындай деп жазган: «Что за добрые и простые люди подумал я. Одна старушка принесла мне в чаше кумыса. Во взоре и в словах ее было так много истинной доброты и участия, что я разом осушил чашу, чтобы только сделать ее довольной». Ч.Валиханов улуу «Манас» эпосун жогору баалап: «Манас» - это энциклопедия собраний всех сказок, повестей, преданий географических, религиозных, умственных познаний и нравственных понятий народов в одно целое» [5, 339] - деп жазган. Ч. Валиханов «Манас» эпосунун поэтикасын, образдар системасын талодоога, анализ берүүгө аракеттенген, эпостун айрым үзүндүлөрүн орус тилине которгон. Ал Манасты «талаа Илиадасы», Семетейди «бруттардын «Одиссеясы» деп атаган. Ошондой эле окумуштуу кыргыздардын жашоосу, салты, жашооо образдары, этнографиясы, медицинасы, географиясы, диндик

түшүнүктөрү, эл аралык мамилелери толугу менен «Манас» эпосунда чагыдырылганын белгилейт. Ч.Валихановдун изилдөө эмгектери кыргыздардын тарыхы, этнографиясы, фольклору үчүн азыркыга чейин өз маанисин жоготкон жок.

Ч.Валихановменен экспедицияда болгон В.Потанин ал жөнүндө мындай деп эскерет: «Ч.Валиханова без преувлечения можно считать историком дореволюционного киргизского народа. У Чокана был большой портфель с материалами о киргизах и они были очень интересны» [5, 343]. Ч.Валиханов тууралуу Н.Чернышевский: «Первый киргиз образованный по европейски вполне» - деп жазган.

«Манас» эпосунун изилденишине М.Ауэзовдун эмгеги зор. Ал эпостун чыгыш доорун, айтылыш шартын, аткаруу манерасын, идеялык багыты, поэтикасын изилдеген. Ошондой эле «Алдар Көсе» чыгармасы жалаң эле казак элинде эмес түркмөн, өзбек, кыргыз, каракалпак сыяктуу башка түрк элдеринде да белгилүү экендигин айтат. Казактын сыйкырдуу жомокторунун окшош сюжеттери каракалпак, түркмөн, өзбек, кыргыз элдеринде да кездешет [6], – дейт М.Ауэзов.

Кыргыз менен казактардын оозеки чыгармачылыгындагы орун алган айрым окшоштуктарды, сюжеттик жалпылыктарды казак окумуштуулары А.Маргулан, Х. Сүйүншэлиев, М.Габдуллин, Е. Ысмайыловдор [7] изилдешкен.

Орус окумуштуусу В.Радлов кыргыз жана казак элдеринин арасында болуп алардын салтында, этнографиясында, фольклорунда жалпылыктар бар экендигин белгилеген. Ошону менен бирге эки элдин оозеки чыгармачылыгындагы айрым айрымычылыктарды да байкаган. Мисалы, казак элинде негизинен лирикалык, ал эми кыргыздарда эпикалык поэзянын өнүккөнүн белгилет.

Кыргыз жана казак эли кийин Октябрь революциясынан кийин да чыгармачылык байланышын улантып келишти. Революцияныны келиши Орто Азияда жашаган кыргыз казак, өзбек, түркмөн элдеринин тарыхында, социалдык, маданий турмушундагыабдан чоң окуя жана прогрессивдүү кадам болгон. Буга чейин эки эл бар байлыгын фольклордо сактап, бүткүл дүйнө таанымын аң сезимин фольклордо гана чагылдырып келишкен. Революцияга чейин жалпы Борбордук Азиядагы элдердин сабаттулугу казактарда - 2%, кыргыздар - 0,6%, өзбектер - 3%, таджиктерде – 3,9% түзгөн. Бул, албетте, өтө аз. Октябрь революциясынан кийин түрк элдеринин жашоо турмушунда, социалдык-экономиклык абалында Жана маданиятында зор жылыштар болуп жатты. Буга чейин болбогон кино, театр, опера, балет сыяктуу маданий жетишкендиктерге ээ болуп жаттык, илим жана техника өнүгүп цивилизацияга жетиштик.

1919–1920 жылдары Ташкенте, Верныйда жана Ауле-Атада 7 агартуу институту ачылды, анын үчөө кыргыз казак улутунан чыккандарга тааныдык

болгон. Кыргыздын прогрессивдүү жаштары К.Тыныстанов, И,Арабаев, К.Жантөшев, А.Токомбаев, К.Баялинов да САКУ-да окуп билим алышып, өз чыгармаларын казак жана татар тилинде жарыялашып, ошол кездеги жарык көргөн «Өрис», «Тилши», «Ушкын» сыяктуу газеталарга жарыялап турушкан. Өзгөчө К.Тыныстановдун чыгармачылыгынын калыптанышында М.Жумабаевди таасири тийген. Кыргыз адабиятында жазма адабияттын үлгүлөрү жетишсиз болгондуктан К.Тыныстанов өзүнүн мугалими М.Жумабаевдин поэтикасын тууураган анын казак улутунун эркиндигин самаган ырларынын идеяларына таасирленген. М.Жумабаевдин идеялык таасири К.Тыныстановдун коомдук-саясий, социалдык көзкарашын негиздеген.. Ошондой эле Касым Ташкенттеги казак, кыргыз Эл агартуу инстиутунда казак тилинде окугандыктан 1920–1921 жылдарда жазылган алгачкы ырларын казак тилинде жазган. Андай чыгармаларга мисал катары «Таң», «Булбулга», «Алашка» деген ырларын келтирсек болот. 1920-30 жылдары К.Тыныстанов да ушул «алаш» деген сөзү үчүн куугунтукталып, казактын буржазиялык улуттук партиясынын мүчөсү делип камалган. Тагдыры өкүнүчтүү аяктаган.

Ошентип кыргыз профессионал адабияты жаңы гана жаралып, профессионал адабияттын сырларын ал өздөштүрө элек болгон, адабий жанрлардын (лирика, проза, драма) ички табиятын тийиштүү деңгелде үйрөнүү кыйындыкка турган. Бул үчүн белгилүү бир убакыт керек эле. Ошондуктан кыргыз профессионал акыны жазуучулары боордош казак элинин жазма поэтикасынан түздөн-түз үйрөнүп, аны жетекчиликке алган. Андай таалим тарбиялык касити бар акын-жазуучуларга С.Сейфуллин, М.Ауэзов, С.Муканов, И.Жансүгүровду атоого болот. Кыргыз адабиятына өзгөчө таасир тийгизгендиги боюнча С.Сейфуллин башкалардан айрымаланып турат. Анткени ал казак адабиятында совет темасындагы поэзияны биринчи негиздеп, социалистик түзүлүштү алгачкылардан болуп даңазалап, кийинки муунга үлгү болуп калган. Ал «Советстан» деген поэмасында түрк элдерине таандык эмес ыр формасында жазган. Бул ошол мезгилдеги адабий жаңычылдык болгон. Кыргыз жаш акын-жазуучулары К.Маликов, Ж.Турусбеков, М.Элебаевдер С.Сефуллиндин поэтикасына таасирленип көптөгөн ырларды жаратышкан.

М.Ауэзов – кыргыз адабияты мене чыгармачыл байланышта болгон казактын белгилүү жазуучусу. Ал кыргыз адабият таануу илимине орчундуу салым кошкон. Кыргыз элинин рухий маданиятынын туу чокусу болгон «Манас» эпосун изилдөө жана пропагандалоо ишин 1920 жылдарда эле баштаган. Эпостун элдүүлүгүн далилдеп анын бир нече вариантын жарыялоого чоң салым кошкон.

Кыргыз-казак адабий байланыштары кыргыз адабият таануу илиминде жана тарых илимдеринде бир топ деңгээлде изилденген. Маселен, кыргыз-казак фоьклордук байланышы окумуштуу Б.Кебекова тарабынан,

профессионал жазма адабий байланышы Х.Бапаев жана А.Акматалиев тарабынан изилденген. Эки элдин достугу жана маданий байланышы тууралуу маселе, биздин, оюбузча дайыма актуалдуу болуп келген. Казак-кыргыз эли чыгармачылык жактан канчалык тыгыз байланышта болсо ошончолук окумуштуулардын бул темага болгон кызыгуусу арта бермекчи.

**ӘДЕБИЕТТЕР**

1. История Казахской ССР, т.1. Алма-Ата, 1957, -с.191.
2. Бартольд В. Киргизы: Исторический очерк. Соч. В 9т. –Т.2. М. 1963.
3. Материалы по истории казахских ханств 15-18 вв. Алма-Ата, 1969.
4. Ч.Валиханов Ибраннные произведения. Алма-Ата, 1958.
5. Ч.Валиханов Избранное произведения. Алма-Ата, 1956, 339ст.
6. Ауэзов М. Киргизский героический эпос «Манас». В кн.: Мысли разных лет. Алма-Ата, 1961.
7. Маргулан А. О носителях древней поэтической культуры казахского народа. Алма-Ата 1959; Сүйүншэлиев Х. Казак адебиетинин калыптасу кезеңдери. Алма-Ата, 1967; Габдуллин М. Казак халкынын ауыз адебиети. Алматы, 1964.

**REZUME**

G.M.ZHUNUSHOVA (Bishkek)
LITERARY CONNECTIONS KYRGYZ AND KAZAKH (1920-1930 c.)

In this subject we tried to open cultural and literary communication between fraternal peoples. Kyrgyz and Kazakhs lived with the most ancient times neighbors and consequently culture, a life, outlooks, ethnography of these people are often identical. The emphasis becomes on folklore and literary communication of these people.